**«БЕКИТЕМИН»**
«Укук коргоо» адвокаттар
коллегиясынын төрайымы
Якубахунова К.У.
___________________
17 ___________ 2013

**Карынов Чолпонбай Карыпбаевичтин** 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Кыргыз республикасындагы эмгек чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүк: тарыхый-укуктук изилдөө»** темадагы диссертациясы боюнча алынган илимий-изилдөөчүлүк иштеринин жыйынтыктарын жайылтуу тууралуу

# АКТ

**Комиссиянын курамы:** төрайым – Якубахунова Кайыркүл Уметказиевна, комиссия мүчөлөрү; – Дандыбаева Сауле Умурбаевна, Чутоев Эрлан Темирбекович, Толгоев Талгат Карыбекович, изденүүчү Ч. К. Карыновдун диссертациялык ишинин жыйынтыгы «Укук коргоо» адвокаттар коллегиясыны тарабынан акыйкат жана тең салмакталган эмгектик мамилелерди өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүдө, эркиндик, теңдик жана адам ар-намысын сыйлоо шарттарында татыктуу эмгек принциптерин ишке ашырууда пайдаланылдыгын күбөлөндүрөт.

1. **Жайылтуучу автор:** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы алдындагы А. А. Алтымышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун изденүүчүсү **Карынов Чолпонбай Карыпбаевич**.
2. **Илимий-изилдөөчүлүк иштин аталышы:** 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасындагы эмгек чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүк: тарыхый-укуктук изилдөө» аттуу диссертациясы.
3. **Кыскача аннотациясы:** изилдөө объектиси катары эмгек жаатында, алардын тарыхый өөнүгүүсүндөгү социалдык өнөктөштүк боюнча ишмердүүлүктү жүргүзүү процессинде пайда болуучу коомдук мамилелери.

социалдык өнөктөштүк институтун жөнгө салуу жаатындагы ченемдик актылардын жыйындысы; социалдык өнөктөштүк жана анын өнүгүү тарыхы жалпы теориялык маселелерине тиешелүү илимий басылмалар, социалдык өнөктөштүк институтунун эволюциясына тарыхый-укуктук анализ жасоо менен байланышкан маселелердин комплекстүү теориялык андалышы, ошондой эле социалдык-экономикалык жана саясий шарттарда Кыргызстан үчүн жаңы эмгек мыйзамдарынын ченемдерин ишке ашырууну эффективдүү камсыздоо менен байланышкан актуалдуу илимий көйгөйлөрдү чечүү, коомдук мамилелердин системасы катары эмгек жаатында социалдык өнөктөштүктү укуктук жөнгө салуунун концептуалдык негиздерин жана келечегин иштеп чыгуу.

**Жайылтуудагы эффект:** аталган илимий иште түзүлгөн сунуштар жана көрсөтмөлөр жалпы эле эмгек тууралуу мыйзамдарды жакшыртууга, өнүктүрүүгө багытталган укуктук ишмердүүлүктө, мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын укук колдонуучу иш тажрыйбасында колдонулушу мүмкүн. Топтолгон илимий жана практикалык материал жумуш берүүчүлөрдүн, кызматкерлердин, профсоюздук уюмдардын, мамлекеттик эмгек инспекциясынын органдарынын изилдөөлөрдүндө пайдалуу, Бул изилдөө Кыргыз Республикасынын учурдагы эмгек мыйзамдарын өркүндөтүүгө олуттуу салым кошуусу мүмкүн.

Ч. К. Карыновдун диссертациялык изилдөөлөрүнүн негизги корутундуларын жана натыйжаларын, жеке адамдарга, анын ичинде жеке ишкерлерге, юридикалык жактарга алардын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын ишке ашыруу жана коргоо, ошондой эле сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылуу максатында кесиптик негизде юридикалык жардам көрсөтүүчү«Укук коргоо» адвокаттар коллегиясынын юристтери пайдаланды;

- эмгек мамилериндеги социалдык өнөктөштүк маселелери боюнча оозеки жана жазуу жүзүндө консультацияларды берүүдө;
- жеке жана юридикалык жактардын ортосундагы эмгектик талаш-тартыштарындагы ишин кароодо, жүргүзүүдө жана кызыкчылыкты жактоодо:
- эмгек мамилелери чөйрөсүндө арыздарды, даттанууларды, өтүнүчтөрдү жана башка укуктук документтерди түзүүдө;
- жарандардын эмгек укуктары коргоодо жарандык сот өндүрүшүнө катышуу менен.

**Жайылтуу жайы жана убактысы:** илимий-изилдөөчүлүк иштин жыйынтыктары «Укук коргоо» адвокаттар коллегиясынын ишмердүүлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер

академиясынын алдындагы А. А. Алтымышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунунда, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарын жакшыртуу боюнча жайылтылды.

**6. Жайылтуу формасы:** Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгы жана корутундулары «Укук коргоо» адвокаттар коллегиясынын адвокаттарынын кесиптик ишин жүзөгө ашырууда: уюштуруу ишин жөнгө салууда, кадрлар менен иштөө үчүн жооптууларды бекитүүдө; эмгек мамилелери чөйрөсүндө жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда, эмгек талаш-тартыштарын чечүүдө юридикалык жардам – эмгек укугу боюнча консультацияларды көрсөтүү; эмгек мыйзамдарынын талаптарын сактоо боюнча кабыл алынган чечимдерге экспертиза жүргүзүү; эмгек чөйрөсүндө социалдык өнөктөштүк маселелери боюнча кайрылган жарандар менен иштөө жана аларга консультацияларды берүүдө,

Диссертациянын материалдары «Укук коргоо» адвокаттар коллегиясынын юристтери үчүн билим берүү программаларын өткөрүүдө колдонулду, мында алардын социалдык өнөктөштүк, эмгек мыйзамдары жана кызматкерлердин укуктары боюнча маалымдуулугу жогорулаган.

**Диссертациялык изилдөөлөрдүн иштеп чыгуулары жайылтылган уюмдун өкүлдөрү:**

**Комиссиянын төрайымы:** **Якубакунова К.У.**

**Комиссия мүчөлөрү:**

**Адвокат** **Дандыбаева С.У,**

**Адвокат** **Чутоев Э.Т.**

**Адвокат** **Толгоев Т.К.**